**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№1(7)/2026, 165-175

**УДК: 141.319.8**
**DOI:** 10.52754/16948823_2026_1(7)_17

# АДАМОЛОГИЯ АЛКАГЫНДАГЫ АДАМ ТАБИЯТЫНЫН УНИКАЛДУУЛУГУ

## УНИКАЛЬНОСТЬ ПРИРОДЫ ЧЕЛОВЕКА В РАКУРСЕ АДАМОЛОГИИ

## THE UNIQUENESS OF HUMAN NATURE WITHIN THE FRAMEWORK OF ADAMOLOGY

**Акматов Өмүрзак Сарытайович**
*Акматов Өмүрзак Сарытайович*
*Akmatov Omurzak Sarytaevich*

**доктор философских наук, профессор Ошский государственный университет**
*философия илимдеринин доктору, профессор Ош мамлекеттик университети*
*Doctor of Philosophy, associate professor of Osh State University*
sarytaiovich64@gmail.com

---

**Жутанова Гүльмира Атанбековна**

*Жутанова Гульмира Атанбековна*

*Zhutanova Gulmira Atanbekovna*

**доцент, Ошский государственный университет**
*доцент, Ош мамлекеттик университети*
*Associate Professor, Osh State University*
gzutanova@gmail.com

---

# АДАМОЛОГИЯ АЛКАГЫНДАГЫ АДАМ ТАБИЯТЫНЫН УНИКАЛДУУЛУГУ

**Аннотация**

Макала “Адамология алкагындагы адам табиятынын уникалдуулугу” – деп аталып, философиялык антропологиянын онтологиясына арналган. Адамология – көп кырдуу социомаданий жана социотабийгый процесстердин өзгөчөлүктөрүн, философиялык темпорализмдин, жалпылык менен уникалдуулуктун, чектүүлүк менен чексиздиктин, өңчөйлүк менен универсалдуулуктун, жоопкерчилик менен парз-милдеттин; кайгы менен сүйүнүчтүн, ажырым менен биригүүнүн, азап менен куткаруунун, жашоо маңызы сыяктуу рухий кырдаалдардын өз ара карама-каршы биримдигин камтый алат. Адамология – «адамга» тиешелүү реалдуу жана абстракттуу параметрлерди камтып, бул түшүнүктүн ажыралгыс компоненттери инсандык сапаттар экенин айкындай алат. Ал – жашоо маңызын диалектикалык өңүттө карап, адам болумунун орчундуу көйгөйлөрүнө адекваттуу жооп берүүгө далаалат кылат. Макалада аалам жана анын алкагындагы адам барлыгы ареалындагы философиялык антропологиянын орду, аларды чечүүдөгү философиялык рефлексиянын шарттуулугу илимий-концептуалдуу талдоого алынат. Анда, адам болумун, анын универсалдуулугу менен уникалдуулугун, биосоциалдык жана рухий маңызын терең талдоого мүмкүндүк берээри чагылдырылган. Өзгөчө, адамдын когнитивдик маңызын ачып берүү жагдайы – философиялык антропологияга таандык экендиги айкындалган.

***Ачкыч сөздөр***: адамология, философиялык антропология, адам табияты, креативдүүлүк, уникалдуулук, универсалдуулук, жигердүүлүк, керектөөлөр, зарылдыктар, муктаждыктар, жасалма интеллект, көндүмдөр, чеберчилик.

---

## *УНИКАЛЬНОСТЬ ПРИРОДЫ ЧЕЛОВЕКА В РАКУРСЕ АДАМОЛОГИИ*

**Аннотация**

Данная статья посвящена теме «Уникальность природы человека в ракурсе адамологии» и направлена на анализ онтологических оснований философской антропологии. Адамология исследует особенности многогранных социокультурных и социоприродных процессов, раскрывая взаимосвязь таких категорий, как общее и уникальное, конечное и бесконечное, индивидуальное и универсальное, ответственность и долг. Вместе с тем она стремится осмыслить смысл человеческой жизни через диалектическое единство противоположностей: печали и радости, разобщённости и единения, страдания и спасения. Понятие адамологии охватывает совокупность реальных и абстрактных характеристик, присущих человеку, подчёркивая, что ключевым его компонентом выступают личностные качества. Данное направление ориентировано на рассмотрение фундаментальных проблем человеческого бытия в диалектическом ключе и на раскрытие их сущностного содержания. В статье на научно-концептуальном уровне анализируется место философской антропологии в системе мироздания и в структуре человеческого бытия, а также рассматриваются роль и ограниченность философской рефлексии в процессе их осмысления. Кроме того, подробно исследуются универсальность и уникальность человека, его биосоциальная и духовная природа. Особое внимание уделяется раскрытию когнитивной сущности человека как одной из ключевых задач философской антропологии.

## *THE UNIQUENESS OF HUMAN NATURE WITHIN THE FRAMEWORK OF ADAMOLOGY*

**Abstract**

: This article is devoted to the topic “The Uniqueness of Human Nature in the Perspective of Adamology” and aims to analyze the ontological foundations of philosophical anthropology. Adamology explores the features of multifaceted sociocultural and socio-natural processes, revealing the interrelations between such categories as the general and the unique, the finite and the infinite, the individual and the universal, responsibility and duty. At the same time, it seeks to comprehend the meaning of human life through the dialectical unity of opposites: sorrow and joy, separation and unity, suffering and salvation. The concept of adamology encompasses a set of real and abstract characteristics inherent in human beings, emphasizing that its key component is personal qualities. This field is oriented toward examining the fundamental problems of human existence within a dialectical framework and toward revealing their essential content. At a scientific and conceptual level, the article analyzes the place of philosophical anthropology in the system of the universe and in the structure of human existence, and also considers the role and limitations of philosophical reflection in the process of their comprehension. In addition, the universality and uniqueness of the human being, as well as their biosocial and spiritual nature, are examined in detail. Special attention is given to the disclosure of the cognitive essence of the human being as one of the key tasks of philosophical anthropology.

***Ключевые слова:*** адамология, философская антропология, природа человека, креативность, уникальность, универсальность, активность, потребности, необходимость, нужды, искусственный интеллект, навыки, мастерство.

***Keywords:*** adamology, philosophical anthropology, human nature, creativity, uniqueness, universality, activity, needs, necessity, demands, artificial intelligence, skills, mastery.

Адамология алкагындагы адам табиятынын уникалдуулугу – философиялык антропологиянын изилдөө ракурсу болуп саналат. Адамология термини ааламдашуу алкагындагы соңку социомаданий таламдардын негизинде келип чыккан, академиялык жана илимий чөйрөдө али толук кандуу калыптана элек – илимий тармак. Ал негизинен философиялык (айрыкча философиялык антропологиялык), теологиялык жана көркөм-адабий алкакта ынанымдуу кулач жая баштады. Адамология – философиялык талаада адам табияты менен маңызын, анын космо мейкиндик менен социо мейкиндиктеги абалын, адамдын рухий жан дүйнөсүн изилдөөгө багыт алууда. Соңку мезгилде адамология – өз өңүтүн философиялык антропологиянын изилдөө ареалында турмушка ашырууда.

Демек, адамологиянын Адам онтологиясына багытталган негизги ракурсу – философиялык антропология болуп эсептелинет. Философиялык антропология – философиянын адамга багытталган бардык чөйрөлөрүн өзүнө камтуу менен адам феномени, адам барлыгынын көп кырдуулугу, анын өзгөчөлүктөрү, деги эле, адамдык жашоо маңыз сыяктуу маселелердин чиеленишкен топтомун түзүп турат. Адамды гуманисттик контекстте интерпретациялоого багытталган философиялык антропологиялык методология – адамдын бүткүл болумдук өңүтүн интеграциялоого – адамды социомаданий калыптоого жана гармониялуу шайкеш өнүктүрүүгө арналат.

Философиялык антропология – өз тармагына адам болумунун бүткүл табийгый жана бейтабий жагдайларын, адамдын тулку бою менен денелик өрчүүсүн, антропогенездик табышмактуу купуя сырларын камтып турат. Анда: адам табияты менен маңызы, адам объективдүүлүгү менен субъективдүүлүгү, адам уникалдуулугу менен универсалдуулугу, адамдагы «Мен», «Мен жана сен», «Мен, сен жана башкалар» мамилелери чарпылган. Аны менен катар интуиция, элес, ишеним, таяныч, жан дүйнө, мээрим, сүйүү, азаптануу, коркуу, эңсөө, сагынуу, кусалануу, өксүү, баштан кечирүү, тобокелчилик, улгаюу жана картаюу, жалгыздык менен жамааттык, өлүм менен өлбөстүк, кубануу, сүйүнүү, эргүү, кумарлануу, бакыт, тагдыр сыяктуу эмоциялык чыныгы субъект же, пассивдүү объект абалындагы социалдык кыймылдын маргиналдуу кубулушун айкындап туруучу экзистенциалдык кубулуштар тартылат. Ал индивиддин ички убакыт жана мейкиндик дүйнөсүнүн реалдуу барлыкка карата мамилелик аракетин аныктоочу автономдук жекелик болумунун маңызына “философиялык акыл калчоого” арналган.

Философиялык антропологиялык методологиялык талаптар негизги басымды феноменология жана экзистенциализм философиясынын ареалын тутумга алат. Адамга мүнөздүү болгон тааным дүйнөсү, ой жүгүртүү, акыл калчоо менен сарасеп салуу – социумдук моралдык статикалык жана динамикалык баалуулук түзүмдөрүн аңдоого негизделип, альтруизм менен эгоизм, азаптануу менен рахат, кайгы-муң менен оюн-күлкү,

бактысыздык менен бактылуулук, ж.б.у.с, антитезалык экзистенциалдык абалдарды кучагына алат.

Адам болумунун абстрактуу чаржайыттуулугунан ачык-айкын локалдуу социомаданий контекстке, баалуулуктар түзүмүнө интеграциялоо – философиялык антропологиянын көздөгөн прагматикалык аракеттеринин бири. Ал – адам болумунун түрдүү өңүттөрүн чагылдыруу менен, адамга тиешелүү болгон бүткүл проблематикалык маселелерди жалпылоого жана аларды жөндөштүрүүгө ийкемдүү. Анткени, философиялык антропологиянын ареалында гумандуулук идеясына багытталган социомавданий баалуулуктар жатат. Алар: адамды сүйүү, урматтоо, адам зоболосун бийик тутуу, аны жогорку жетишкендик же, “асылдык” катары кароо менен инсандын ар тараптуу жана гармониялуу шайкеш өнүгүүсү үчүн зарыл болгон социотабийгый ийкемдүү жана маданий жагымдуу шарттарды ыңгайлаштыруу талаптары жатат. Адамдын гармониялуу шайкештикте жашоосунда анын табийгый түпкүрү менен маданий өрчүүсүнүн ширелишкен айкалышы негизги мааниге ээ.

Адамдын индивидуалдык жашоосу жамаатташуу табияты менен эриш-аркак жүрөөрү баарыбызга аксиома катары белгилүү эмеспи. Мына ошол философиялык антропологиянын адамга карата түрдүү маселелерди интеграциялоо жана жөндөштүрүү алкагынан келип чыккан социалдык багыттагы проблемалар анын ишмердүүлүк ареалын кеңейтет. Мисалы: жакырчылык, үй-жайсыздык, жумушсуздук, селсаяктык, чектен чыккан жүрүм-турум, бангилик, араккечтик, сойкулук, өспүрүмдөр проблемалары, качкындарга, майыптарга жана карыларга жардам берүү, энеликти жана балалыкты коргоо сыяктуу калктын аярлуу катмарына социалдык колдоо көрсөтүү маселелери – “бири кем дүйнө” катары философиялык антропологиянын проблематикасын социалдык философиянын маселелери менен айкалыштырат. Анткени, жогоруда саналган социалдык проблемалардын түпкүрү жалан гана социалдык өңүттөн каралбайт. Алардын түпкүрү адамдын биологиялык же, табийгый “толук кандуулугунун” жетишсиздигинен келип чыгат. Окумуштуу А.Гелендин айтымында, «тубаса жетишпегендик» кишинин толук кандуу сапаттарга ээ боло албастыгын көрсөтүп, ал бул кемчиликтерди коомдун бардык чөйрөлөрүндө институттар, мамлекет, цивилизация аркылуу толтурууга аргасыз болгон [4.].

Мындан сырткары, адамдын түпкү каалоолору менен таламдары да табийгый түрдө чексиз. Анын эңсөөлөрү да чексиз. Адам табиятынан өзүнүн “МЕНинин” каалоосун аткарууга талпынат. “Жашоо чындыгында, адамдар табийгый-биологиялык калыбынан акыл-эс менен туюм-сезимдерге негизделген эркиндикти эңсешет. Аалам мейкиндигинин чексиз гармониясы менен жуурулушууга талпынышат.” [2. 281-б.]. Мына ошол талпынуу чексиздикке алып барат. Андыктан адам табиятынан эгоист болот. Ал эми эгоисттик

табийгый сапаттарды альтруисттик маданий сапаттар менен айкалыштыруу өзүнчө түбөлүктүү проблема. Андыктан, "Философиялык антропология – "Адамды" Аалам мейкиндигинин алкагындагы белгилүү реалдуу кырдаалга ылайык көп кырдуу, универсалдуу, уникалдуу, интегралдуу бүтүндүк катары концептуалдуу талдоого багытталат." [2. 281-282-б.].

Адамология алкагындагы философиялык антропологиянын концептуалдык аппараты – ой жүгүртүүнүн интегративдүү жана универсалдуу мүнөздөгү философиялык түшүнүктөр, түшүнүмдөр ошондой эле, категориялар аркылуу ишке ашып турат. Анда: адам менен коом, маданийлүүлүк менен табигыйлуулук, социалдык аракеттер менен социалдык мамилелер эркиндик менен эрксиздик, өлүм менен өлбөстүк, бакыт менен бактысыздык, сүйүү жана махабат, кумар жана ырахат, жаштык менен карылык, өнүгүү менен чегинүү, кайгы менен кубаныч,өкүнүч менен сүйүнүч, арман менен ийгилик, кусалануу менен сагыныч, эргүү менен толкундануу, убакыт менен мейкиндик, кырдаал менен абал, тандоо менен аргасыздык, тобокелчилик менен маргиналдуулук, жашоо статикасы менен жашоо кыймылы, маалымат менен коммуникация ж.б.у.с түшүнүк-аталыштар камтылган. Айрыкча философиялык антропологиянын ареалдык векторунда универсалдуулук менен уникалдуулуктун экилтик кесилиши негизги мааниге ээ. Ал адам табиятына берилүүчү априордук жана тоталдык формадагы генетикалык шарттуулук менен социомаданий нормаларды, турмуштук капсалаң кубулуштар менен жашоо маңызын, социалдык аргасыздык менен индивидуалдык автономдук эркиндикти өзүнө таандыктайт.

Мындан сырткары философиялык антропология – тигил же, бул социумдун ар кандай социалдык залал кесепеттерден, глобалдуу проблемалардан, айрыкча социалдык-экологиялык терс кубулуштардан этият болуунун мүмкүнчүлүктөрүн алдын алат. Ал эми, индивид терс кубулуштарга кириптер болгон болсо, андан арылуунун методологиялык маселелерин үйрөнүүгө багыттоого жөндөмдүү. Азап, кайгы сыяктуу кризистик абалдагы социумдун чөгүңкү жашоо дүйнөсү жөнүндөгү идеялардын философиясын түзүп, аларды жашоого стимулдаштыруучу философиялык жоболорду түзүүгө шыктуу. Айрыкча адам болумунун түркүн кырдаалдарын, анын түрдүү локалдык: этникалык, аймактык, тектик, курактык, жыныстык, тарыхый, менталдык жана индивидуалдык-автономдук өзгөчөлүктөрүн жалпы адамзаттык контекст менен айкалыштырып кароодо интерпретациялоого багыт бере алат. Бул өнөктүктө жеке адамды жамааттык жалпылоо тенденциясы, же, бардык эле адамдарды бирдей баалоо стандарты оң жана терс жыйынтык берээри атайын маселе. Анткени, коомдук жашоодогу бактылуулукка талпынган аракети социалдык-укуктук же, моралдык-императивдик бирдей жалпылаштыруу талаптары менен теңдештирүүгө умтулуусу – социалдаштыруу жараянында максатка ылайыктуу келет. Ал

эми, ар бир адамдын уникалдуу табиятын, андагы кайталангыс, өз алдынчалык адамдык индивидуалдык касиеттерин, баалуулуктарын тангандык – нигилисттик мамиле – терс натыйжага алып келээри күтүлөт.

Философиялык антропологиянын негизги багыты адам имманенттүлүгүн таанып билүүгө, башкача айтканда адамды трансценденттик түшүнүүдөн оолак болууга багытталууда. Мындай багыт адамдын жан дүйнөсү менен жамаатык айкалышын, рухий-социалдык феноменин реалдуу таанууга мүмкүндүк берет. Анткени, адамдын реалдуу жашоо муктаждыгын, аны жөндөштүрүү мүмкүнчүлүктөрүн изденүү үчүн, социумду: жеке адам менен жамматтык топту же, айкын субмаданиятты трансценденттик кабылдоодон четтеп, адам имманенттүлүгүн таануу – абдан маанилүү.

Киши – түпкүрүнөн, индивиддик болум катары жеке биологиялык органикалык түзүмдүн уникалдуу өкүлү таризинде жаралып, ал – эволюция канонунда социалдык мамилелер жана табият кубулуштары менен мамиле жасоо аркылуу биосоциалдык, андан ары экзистенциалдык маңызга ылайык – рухий болумга ээ болот. Ал биосоциалдык эволюция кубулушунун канонунда – өзү сыяктуу эле субъекттер, татаал жана көп кырдуу социожаратылыштык жана социомаданий өңүттөгү мамилелер, биосоциалдык жана геосаясий курчап турган дүйнө кубулуштары аркылуу мүнөздөлгөн социалдык-рухий жашоо принциптери менен моралдык императивдик иерархиялар аркылуу ар кандай эффективдүү байланыштарды түзө алуу жөндөмдүүлүктөрүн калыптай алат. Натыйжада, адам өзүнүн көп кырдуу жана комплекстүү ишмердүүлүгү аркылуу конкреттүү-социалдык кырдаалды трансформациялоонун белгилүү деңгээлде активдүү жана пассивдүү катышуучусу боло алат. Мындай бири-бири менен терең ажыралгыс чырмалышкан шарттуулук – бири-бирине өбөлгө болуучу эки тараптуу кырдаалда социожаратылыштык жана социомаданий баалуулуктарды түзүүчү фактор катары – “киши-жаратылыш” жана “киши-коом” шайкештик мамилесин арттыруунун мотивациялык негизи болуп саналат.

Адам табиятын изилдөөнүн артыкчылыктуу максаттарынын бири – анын келип чыгыгуусу менен калыптануусун жана жашоо маңызын түшүндүрүү. Мындай багыттагы илимий көз караштын жактоочулары айбандардан кишинин менталдык айырымачылыктары, «кулк-мүнөзү» жана «аң-сезими» аркылуу өзгөчөлөнтүп турган тубаса артыкчылыктардын белгилүү бир түзүмдүк тутумун – кишинин адаттан тыш сапаттык болум экендигин аныктаган, анын кайталангыс касиеттерин активдүү белгилешкен.

Адам табияты менен маңызын изилдөөдө түрдүү окумуштуулар өз пикирлерин билдирип келишкен. Айтылуу окумуштуулар: М. Шелер менен Г.Плеснер адамдын курчап турган айлана-чөйрө менен бекем байланышта экендигине басым жасашкан. Анда бүткүл

аалам «тирүү организмдердин өсүмдүктөр чөйрөсүнөн жаныбарлар дүйнөсүнө, андан инсандардын акыл-эске негизделген рационалдуу коомдук жашоосунун иерархиясы аркылуу өнүгүү жолунда болгондугун белгилешкен». Экинчи жагынан, жаныбарлар менен адамдардын жалпы бирдей тектеш жана окшоштуктары, ошондой эле айырмаланган белгилери тастыкталган. Үчүнчүдөн, изилдөөчү А.Гелендин айтымында, «тубаса жетишпегендик» кишинин толук кандуу сапаттарга ээ боло албастыгын көрсөтүп, ал кемчиликтерди коомдун бардык чөйрөлөрүндө социалдык институттар аркылуу толтурууга аргасыз болушкан. Төртүнчүдөн, жогоруда белгиленген социалдык институттар социалдаштыруу контекстинде инсанды калыптандыруу жана аны өнүктүрүү жагдайлары менен түшүндүрүлөт [4.].

Инсанга багытталган жогоруда белгиленген ыкманын өзгөчөлүктөрүн төмөнкү мүнөздөмөлөрдөн билүүгө болот: Изилдөөчүлөр: А.Гелен менен Г.Плеснердин пикири боюнча, адам – өзүнүн табигый толук эмес, бөксө жактары аркылуу чексиздикке талпынган, кыялый эңсөөлөргө далаалат кылган уникалдуу организм. Адамдын ички түзүлүшү жана анын жаратылганын талдоодогу оригиналдуулугу боюнча Гелендин пикиринде адам – табиятынан бөксөө – кемчиликтери бар болум болуп саналат. Анткени, адамдар айбандарга салыштырмалуу табигый жашоо мүмкүнчүлүгүнөн, айрыкча табийгый сезимдер менен туюмдардан оолак болуп, жаратылыштан алыстаган барлык. Мына ошентип, адам – тубаса же, бөксөргөн кемчиликтердин ордун толуктоого мүмкүндүк алчуу рухий-экзистенциалдык жана социалдык-моралдык институттарды уюштурууга аргасыз болгон [4].

Адамдын генезистик табияты жана анын ааламдагы өзгөчө жашоо барлыгынын чиелениши, антропогенезистик купуялуулугу төмөнкүдөй карама-каршы жагдайлар менен түшүндүрүлөт. Эң оболу, адам – бир нече тубаса касиеттерин жана артыкчылыктарын жоготкон – болум. Экинчиден, ал – социалдык мейкиндик менен рухий мейкиндиктин ажыралгыс бөлүгү. Ал өзүнүн “ким жана эмне?” экенин, ошондой эле, жашоо маңызын айкындап, таанып-билүүгө умтулат. Мындай ой пикирлер төмөнкү идеялар аркылуу турмушка ашырылат. Алар: биринчиден, адам – автономдуу өз алдынчалыгы жана уникалдуу артыкчылыктуулугу менен айкындалат; экинчиден, ал – биологиялык акылдуу жандыктын эволюциялык калыптанышы аркылуу түшүндүрүлөт, ошондой эле “жаратылыш жана коом” биримдигинин – биосоциалдык бир бүтүндүк катары каралуучу өнөктүгү менен интерпретацияланат.

Соңку мезгилде адамды – биологиялык жана социалдык, денелик жана рухий, уникалдуу кубулуш катары таанып билебиз. Бул адам табиятын таанып билүүнүн бир өңчөй аракеттерин жеңүүгө жол ачат. Анын аркасында айрым изилдөөчүлөр инсандын

“ким жана эмне?” экендигин талдап, ага болгон көп кырдуу илимий-теориялык көз караштарда баа берүүгө далаалат кылышат. Жалпысынан адамга өзгөчө жана кайталангыс уникалдуу касиеттерге ээ болгон болум катары мамиле жасалат. Айрымдар адамдын жеке жашоосунун купуя сырларын айкындоо мүмкүн эмес дешсе, кээ бирлери, адамдын биосоциалдык ишмердүүлүгүн, социомаданий ийгиликтерин талдоо менен чектелишет. Мындай пикир фундаменталдык жана онтогенетикалык ыкманы пайдалануу аркылуу адамдын терең жашоо мазмунун ачып берүүгө умтулушат (П.С.Гуревич [5], П.Рикер [9].)

Адам – уникалдуу кубулушка ээ болгон жер жүзүндөгү органикалык дүйнөнүн прогрессивдүү эволюциясынын туу чокусу. Ал объективдүү чындыктын өзү жашаган реалдуу чөйрөсүн жашоонун муктаждыктарына карай ыңгайлаштырууга, өзүнө омоктуу орунду, жагымдуу маанайды жаратууга жөндөмдүү. “Объект-субъектилик” жана “субъект-объектилик” контекстте – Адам – өзү жашаган мейкиндикте социожаратылыштык жана социомаданий мамилелерди жаратат. Ошол эле учурда ал анын продуктысы. Ал – өзүн-өзү таанып билүү менен, рационалдуу акыл калчоо, иррационалдык маанай, принципиалдуу мүнөз, жеке сапаттарын, көндүмдөрүн жана муктаждыктарын сырткы таасирисиз калыптандырууга жана өнүктүрүүгө жөндөмдүү. Адам – универсалдуу, жалпы жана бирдиктүү бүтүн түзүмгө ээ. Ал дүйнө таанууда өз абалын жана социомаданий баалуулуктарын, милдет жана парыздарын аныктоону реалдуу жүзөгө ашырууга шыктуу. Мындай шыктуулук адамдын ишмердүүлүгүнөн көрүнөт. Деги эле ишмердүүлүк деген кандай сапат? Ал – адамга өзгөчө таандык болгон уникалдуу кубулушбу? Анда эмесе, ой чабыттын нугун мына ушул багытта жүргүзүп көрөлү.

Адам – (киши) – жердеги тирүү организмдердин ичинен өзүнүн өрчүп-өнүгүүсүндө эң жогорку баскычка жеткен, коомдук-тарыхый ишмердүүлүктөрдүн жана маданияттын жаратуучусу жана ээси. Адам жаныбардан айырымаланып, анын акыл эске, ойлоо жөндөмдүүлүгүнө ээ болуусу. Ал эмгек куралын жасап, аны менен айлана-чөйрөгө таасир этип, өзгөртө алат. Ал табийгый даяр жана чийки продуктыларды өндүрүп чыгаруу, кайта иштетүү жолу менен маданий продуктыларды даярдоого жөндөмдүү. Табийгый кубулуштарды интеллектуалдык мүмкүнчүлуктөр аркылуу маданий кубулуштарга жана баалуулуктарга айландыруу жөндөмдүүлүктөрүнө ээ. Анын башкы касиети – жашоо тиричиликке шартталган табийгый даяр жана чийки продуктыларды өндүрүп чыгаруу же, кайра иштетүү аркылуу ишмердүүлүккө ээ экендигинде. Өзүн-өзү коргонуу, жашоо үчүн күрөш сыяктуу табийгый инстинкттери – изденүү, ойлоп табуу, аракеттенүү, жасап көрүү ишмердүүлүктөрүнүн – тиричилик кылуунун детерминанты болуп саналат. Демек, адамдын же, маданияттын башкы феномени – ишмердүүлүк болуп эсептелинет. «Ишмердүүлүк – бул кыймылга келтирилген жана трансформацияланган күч; максатка

умтулуу; чөйрөнүн дүүлүгүсүнө жана шартына карата субъектинини аңдалган реакциясы; адамдын ааламдын абалына аң-сезимдүү ыңгайланышуусу» [8. 129-б.б.].

Эволюциянын натыйжасында – ишмердүүлүк социалдык феноменге айланып олтураарын социалдык философиялык антропология илими тастыктады. Ишмердүүлүк жашоо-тиричилик шартка жараша түрдүү багыттарда өнүгөт. Ал: аң уулоодон – аңчылык, мергенчилик; жер иштетүүдөн – дыйканчылык; эмгек куралдарын, согуш куралдарын, үй буюмдарын жасоодон – кол өнөрчүлүк; товарларды айырыбаштоодон жана оуштуруудан – соодагерлик ж.б.у.с. ишмердүүлүктөр келип чыгат. Мына ошентип, социалдык эволюциянын натыйжасында түрдүү багыттагы жана тиричилик шартка ылайык бирин-бири толуктап туруучу көптөгөн ишмердүүлүктөр калыптанган. Мисалы: аңчылык, мергенчилик, дыйканчылык, соодагерлик, табыпчылык, тамырчылык, дарыгердик, акындык, ырчылык, куудулдук, тилмечтик, саяпкердик, мүнүшкөрдүк, малчылык, кол өнөрчүлүк, устачылык, ашпозчулук ж.б.у.с.

Ишмердүүлүк – илимий аң сезимге чейин эле турмуштук, тиричилик муктаждыкка ылайык эмпирикалык деңгээлде эле калыптана алган. Адамдар турмуштагы өз тажрыйбаларын бири-бирине (горизонталдуу) жана муундан-муунга (вертикалдуу) үйрөтүшүп, тажрыйба алмашып келишкен. Илимде мындай кубулушту – социалдык коммуникация катары бааланары белгилүү.

Кандай гана ишиердүүлүктөр болбосун, ар бир ишмердүүлүк коомдук керектөөгө ылайык өз учурунда актуалдуу болуп, зарылчылыктан оолак болгондо актуалдуулугун жоготуп турган. Бир ишмердүүлүктүн ордуна экинчи бир ишмердүүлүк пайда болгон. Мындай кубулуш объективдүү шарттарга ылайык эволюцияланууга дуушар болгон.

Адамдын космостук жана социалдык мейкиндиктеги активдүү жана жигердүү ишмердүүлүгү аны инсандык деңгээлге көтөрөт. Жигердүүлүк – адамдын өзүнүн белгилүү максаттарына жетүү үчүн болгон активдүү аракеттүү ишкердүүлүк. Ал – жалындап турган демилгелүү позитивдүүлүк менен коштолгон, мотивациялык ыңгайлашуу менен шартталган инсандын жашоо мүнөзү. Ал эми, ишмердүүлүк болсо, адамдын жашоо сапатына жана анын өнүгүүсүнө жемиштүү салым болуучу иштиктүү аракет. Ал – иш-аракеттер: маалымат каражаттары, билим берүү менен агартуу өнөктөштүктөрү, калктын аярлуу катмарлары менен иш алып баруу, социалдык, психологиялык жана материалдык муктаждыктар, саламаттыкты сактоо, көңүл ачуу, маданий эс алуу ж.б.у.с. социалдык тармактар менен байланышып, адамдын дүйнөлүк процесстер менен байланыш элементтеринин негизинде аныкталат. Иш-аракеттердин бардык түрлөрүн аткарууда биологиялык акылдуу жандыктын калыптанышы жана өнүгүүсү анын күнүмдүк адаттарын жана муктаждыктарын канааттандыруу аркылуу ишке ашат. Ишмердүүлүк коомдук

мамилелерге интеграцияланып, социалдык жана рухий байланыштарды ишке ашырат жана анын өнүгүүсүн шарттайт. Активдүү аракеттердин кыймылдаткыч элементи катары – муктаждык, ал эми максатка жетүүнүн негизи катары – билгичтик каралат.

Коомдук өнүгүүнүн соңку мезгилинде социалдык муктаждыктар, зарылдыктар жана керектөөлөр – жасалма интеллекттин болушун шарттап, адамдын табийгый ишмердүүлүгүн – бейтабий ишмердүүлүк менен оуштуруп олтурат. Учурда жасалма интеллект – бейтабий ишмердүүлүк катары коомдук турмуштун бардык чөйрөсүнө терең сүңгүп бара жаткандыгы баарыбызга маалым. Ал – соңку дүйнөдөгү күндөлүк жашоо ишмердүүлүктүн ажыралгыс кубулушуна айланууда. Жасалма интеллект – өзү бейтабий ишмердүүлүк болгондугуна карабастан, адамдын универсалдуу, интегративдүү жана мультидисциплинардык мүнөздөгү чукул керектөөлөрүн канааттандыруучу – объективдүү зарыл кубулушка айланууда. Өндүрүштүн кайсыл гана тармагын албайлы, жасалма интеллект – стратегиялык пландоо, диагностикалоо, прогноздоо, долборлоо, экономикалык эсептөө, анализдөө, программалоо, баалоо, презентациялоо, дифференциациялоо ж.б.у.с. интеллектуалдык ишмердүүлүктөрдү ыкчам жана натыйжалуу ишке ашырууга багытталган.

Канткен менен, жасалма интеллекттин турмуштук прагматикалуулугу тууралуу жеткиликтүү баа берүү кыйынчылыкты туудурат. Анткени, ал жашоо-ишмердүүлүктүн бардык чөйрөсүнө улам сүңгүп кирип, келечектеги өзүнүн “күнгөй-тескей” купуя таасирлери аркылуу адамзатты ойлондурууда. Мындай күмөн саноо биздин жашообуздун социалдык, этикалык, техникалык, медициналык, генетикалык ж.б. түрдүү өңүттөрүндө орун алышы мүмкүн. Ал өзүнүн эволюциясында айрым алгоритмдик татаал түшүнүктөрдү пайда кылып, интерпретациялык түшүнүксүз чечимдерди жана кыйынчылыктарды жаратууда. Машиналык, автоматтык иш жүргүзүүдө логикалык тең салмаксыздык менен тең укуксуздукка, бир жактуулукка жол берилип, системалык дискриминацияга алып келүүдө. Натыйжада, жасалма интеллект – адамдын жашоо кооптуулугуна, анонимдүүлүк менен конфиденциалдуулуктун кепилдиксиздигине алып келүү коркунучу бар. Натыйжада, моралдык, укуктук жана саясий диллемалар пайда болуп, социалдык дисбаланс орун алууда. Жасалма интеллекттин техникалык тобокелчиликтерин – эгоисттик, кара ниеттик, манипуляциялык, террордук жана экстремисттик максаттарда колдонулбайт деп эч ким кепил боло албайт.

Табийгый түрдө жасалма интеллектке болгон талаптын жогорулашынан улам, адам – табийгый жашоо ишмердүүлүк жөндөм, көндүмдөрүн жогото баштайт. Мындан сырткары, жаңы технологиялардын үзгүлтүккө учурашы же, иштен чыгуу (сбой) кокустугу жасалма интеллектке көндүм болгон табийгый жөндөмсүздүк кооптуулукту – этикалык,

укуктук ажырымды, андан социалдык чыңалууну жаратаары көрүнүп турат. Натыйжада, жасалма интеллектке байланышкан социалдык өнүгүүнүн “күнгөй-тескейин” тең салмактоо миссиясы философиялык рефлексия даражасында акыл калчоону талап кылып олтурат.

Жасалма интеллектке арналган дагы бир көйгөй – нейроинформатика. Нейроинформатика аң-сезимдин кээ бир аспектилерин чагылдырган жасалма интеллекттин так моделдерин түзүү үчүн мээнин структураларын жана процесстерин изилдейт. Учурда, жасалма интеллекттин адамдын аң-сезимин толук алмаштыра ала турган илимий-технологиялык мүмкүнчүлүктөрү жок. Ал – адамдын жүрүм-турумунун жана акылынын айрым аспектилерин гана чагылдыра алат. Адамдын аң-сезимин функционалдык толук алмаштыруу – аң-сезимдин бардык аспектилерине жана тереңдигине, анын ичинде эмоцияларга, өзүн-өзү аңдап-сезүүгө ж.б. ээ боло турган жасалма интеллектти түзүү – дегенди билдирет. Маселенин мындай коюлушу – философиялык антропологиянын фундаменталдык аспектилерине байланышкан суроо [1.].

Керектөөлөр – адам жашоосун материалдык жана рухий камсыздоо максатында муктаждыктарга болгон зарылдыктар. Керектөөлөр индивиддин жашоо ишмердүүлүгүнүн ички стимулу иретинде кызмат аткарат. Алар: азык-түлүккө, кийим-кечеге, баш калкалоо үчүн үйгө, буюмдарга жана ушул сыяктуу – материалдык керектөөлөр; коомдук жумушка, ишмермерүүлүккө, маалымат алууга жана башка социалдык муктаждыктар; билим алууга, сезимдерге, сулуулукка, көркөмдүүлүккө болгон интеллектуалдык жана көркөм-эстетикалык рухий керектөөлөр; мындан сырткары адамдын кумар кызыкчылыктарын канааттандыруу үчүн болгон: тамеки чегүүгө, шарап суусундуктарга, банги заттарды колдонууга болгон зарылчылыктар.

Зарылдыктар – индивиддердин өз ара мамилелеринин негизинде жаткан иш-аракеттин ар кандай мотивдеринин көрүнүшүнүн жолдорун аныктоочу аракеттер жана алардын мамилелерине натыйжалуу ишмердүүлүккө кызыгуусу, мотивдерге, жагдайдын спецификалык шарттары аркылуу баалоо изилдөөлөрүн жүргүзүү башкалардын уникалдуулугун аныктайт. Зарылдык түшүнүгүнүн өзү – объективдүү дүйнөдөгү кубулуштардын туруктуу мыйзам ченемдүү ички себептик байланыштарын, анын байланыштык шарттуулуктарын, ошондой эле анын адмдын акыл эси менен каалоолоруна жана эркине көз каранды болбогон, “сөзсүз түрдө болуучу” кубулушту туюндурган категория болуп эсептелет.

Зарылдыктардын адамдын күнүмдүк турмушундагы материалдык жана рухий кубулуштары – муктаждыктан келип чыгат. Муктаждык – адамдын жашоо тиричилигинде, анын жашоосу жана өнүгүүсү үчүн белгилүү бир нерсеге болгон керектөөсү.

Муктаждыктар толук камсыздалганда гана адамдын жашоо иш аракетинин зарылчылыгы үчүн реалдуу шарттар түзүлөт. Мындай процесстер керектөөлөрдүн рационалдык, теориялык негиздүүлүгүнөн, материалдык жана маданий керектөөлөрдүн өз ара ыңгайлашуусунан, сапаттык эмес, сандык статикалык керектөөлөргө басым жасоодон көрүнүп, прогрессивдүү мыйзамдары менен түшүндүрүлөт [7].

Адам табиятынын маанилүү өзгөчөлүгү – анын таланты. Талант – адамдын табийгый, социалдык жана рухий керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган чыгармачылыктуу изденүүчү, адеп-ахлактык эрежелерин жөнгө салуучу жана анын турмуштук ишмердүүлүгүн аныктоочу сапат. Ал адамдын белгилүү ишмердүүлүгүндөгү жаратмандык касиетке ээ болгон табият тартуусу. Талант – адамдын шык-жөндөмдөрүнүн кылдаттык менен астейдил бапестөөсү аркылуу  ишке ашат.

Шык-жөндөмдөр – адамдын табийгый белеги. Ал белгилүү бир ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруунун чыгармачылыктуу аткаруунун өбөлгөсү иретинде иш алып барып, индивидге профессионалдык ишмердүүлүк менен машыгууга, анын адептик өнүгүүсүнө, керектөөлөрүн ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет. Анын негизги артыкчылыгы болуп, ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруунун сапаттык жемиштүүлүгү, мобилдүүлүгү жана чыгармачылыктуулугу эсептелет.

Көндүмдөр – табигый өнүгүү ыкмаларына негизделип, жашоо ишмердүүлүктүн нугуна карай калыптанат. Албетте, алардын жетишкендиктерин социалдык тармактар, окутуу жана тарбиялык процесстер аныктайт. Адамдын чеберчилик даражасына карап, жалпысынан төмөнкүдөй классификациялоого болот. Алар: жөнөкөй көндүмдөрү бар карапайым адамдар; өзгөчө жөндөмдүү жумушчулар; укмуштуудай таланттуу адамдар; кандайдыр бир тармакка илимий жаңылык киргизген артыкчылыктуу адамдар же, коомду өзгөртүү үчүн күчтүү дарамети бар адамдар.

Көндүмдөрдүн төмөнкүдөй типологиясын көрсөтүүгө болот: коом жана инсандар адамдын акыл-эси, активдүүлүгү, социалдык стратегиялык пландары, иш-аракеттери, адептик, маданий ж. б. у. с. көндүмдөрдүн өнүгүшүнө умтулушат. Анткени, көндүмдөр коомдогу адептик жана күнүмдүк жашоонун жыргалчылыктарын бөлүштүрүү принциптеринин негизин түзөт. Ошондой эле, көндүмдөрдөгү активдүүлүк, негизинен, инсандык көзөмөл менен аныкталат [3].

Көбүнчө адамдын чыгармачылыгы анын адамдык: маданий жана индивидуалдык өзгөчөлүктөрүнөн көрүнөт. Алар анын стандарты болгондуктан, бардык элементтер, атап айтканда, «адам» категориясы көрсөтүлөт. Аталган окуу адамды биринчиден, карапайым адамга таандык коомдук баалуулукка ээ болгон жандык катары, экинчи жагынан анын сапаттарын аныктоочу коомдук мамилелерге жана рухийликке байланышкан жандык

катары мүнөздөөгө мүмкүндүк берет. Адам толук кандуу социалдык жана рухий өнүттө өзүнүн жеке ишмердүүлүгүн толук калыптаган инсан катары жүзөгө ашырган, бардык коомдук мамилелердин табигый-адамдык функциясын аткарган – барлык. Инсан катары адам чыгармачыл-креативдүү жандыкка айланат, жогорку деңгээлде ой жүгүртөт. Ал жогорку сапаттарга ээ, ошондой эле өзүнүн чөйрөсүн жана өзүн өзгөртүүгө жөндөмдүү. Индивидуалдык деңгээлдеги адамдын өзгөчө сапаты – анын инсандыгы, ички дүйнөсүнүн баалуулугу, дүйнөлүк жана коомдук турмуштагы орду, дүйнөгө болгон мамилеси, аны чечмелөөсү болуп эсептелет.

Когнитивдик адамдын дүйнө-табиятын изилдөө адамдын артыкчылыгын жана кайталангыстыгын түшүнүп, анын толук кандуу калыптана электигин баса белгилейт. Ага карабастан инсандын мазмунун кандайдыр бир түпкү баштапкы сапатка түшүрөт. Жалпылоонун философиялык деңгээли – адам жаратылышын, маңызын: биологиялык жана социалдык, денелик жана рухий, типтүү жана жеке – бүтүндүк катары түшүнүүгө багыттайт.

Изилдөөнү жыйынтыктап жатып, биз төмөнкүдөй тыянактарга келдик:

1. Адам – микрокосм. Ал космостун бир бөлүгү – жердин биочөйрөсү, анын чексиз гармониясы.

2. Адам – объективдүү түрдө жамааттык мамилелерге: социалдык-моралдык императивдерге көз каранды жана таандык болгон – социалдык организм (Социум).

3. Адам – макрокосм. Ал – космостук, биологиялык жана социалдык гана болбостон, субъективдүү психологиялык-рухий организм. Адам – сырткы дүйнөнүн гана макулугу эмес, “МЕН” касиетине ээ болгон – жаратмандык акыл калчоого жөндөмдүү, эрктүү, чыгармачылыктуу ички дүйнөнүн ээси. Демек, Адам – биосоциалдык жана рухий барлык.

4. Адам жашоосунун мазмуну – жеке артыкчылыктар менен кабыл алынган милдеттенмелердин жыйындысы, алардын көрсөтүлгөн багытта аткарылышы кийинки иштин жүрүшүнө өбөлгө түзөт. Ал биологиялык акылдуу жандыктын жалпы ишмердүүлүгүнүн негизги этаптарын, анын активдүүлүгүн, жашоо идеалын, келечек жашоосун аныктайт.

5. Когнитивдик инсандын табиятын изилдөө башкаларга окшобогон «индивидуалдык-уникалдуу» категориянын негизинде каралат. Анда адамдагы өзгөчөлүк, универсалдуулук жана жөндөмдүүлүктүн прогрессивдүү деңгээли, артыкчылыктары, инерциялык абалы, өз алдынчалык сыяктуу маселелер талданат. Бардык адамдарга таандык болгон мындай касиеттер алардын өзгөчөлөнгөн табигый жана тукум куучулук белгилеринин мурастоосу, коомдук тармактардын универсалдуулугу, турмуш инерциясы, жашоонун бардык алкагында жеке касиеттеринин артыкчылыгы аныкталат.

**АДАБИЯТТАР:**


1. Адам и ИИ» Адам и искусственный интеллект (в двух разделах) / Аскар Абдыкадыр – Алматы: Дарын, 2024. – 350с. http://cslnaskr.krena.kg//collection/ru/view/9995/ (дата обращения…20.02.26)
2. Акматов Ө.С., Аскар Абдыкадыр А40 АДАМОЛОГИЯ: философиялык антропология жана экзистенциалдар- Б.: 2025. – 365б. ISBN 978-9967-9479-3-1
3. Барулин, В.С. Социально-философская антропология: Общие начала социально-философской антропологии [Текст] / В.С. Барулин. - М.: Онега, 1994. –256с.
4. Гелен, А. О систематике антропологии [Текст] / А. О. Гелен // Проблемы человека в западной философии. – М.: Прогресс, 1988. – С. 152–156.
5. Гуревич, П. С. Философская антропология [Текст]: учеб. пособие / П. С. Гуревич. – М.: Вестник, 1997. – 448б. – (Сер. Universa).
6. Ильин, В. В. Политическая антропология [Текст] / В. В. Ильин, А. С. Панарин, Д. В. Бадовский. – М.: Изд-во МГУ, 1995. – 224 с.
7. Кудишина, А. А. Современный гуманизм как феномен культуры (философско-культурологический анализ) [Текст] / автореф. дис.... докт. филос. наук: 24.00.01 /А.А.Кудишина.- М.: - 2007 – 42с.
8. Мизес фон Л. Человеческая деятельность: трактат по экономической теории. М. 2005. 16, 129-бет.
9. Рикер, П. Человек как предмет философии [Текст] / П. Рикер // Вопр. философии. – 1989. – № 2. – С. 41–50.
10. Сабиров, А. Г. Человековедение: гуманизационные и гуманитарные функции [Текст] / А. Г.Сабиров. – Елабуга: Изд-во ЕГПИ, 1996. – 210 с.